УДК: 811.111+ 37.091.33

*Мусаева У.Д., Email: musaeva-umut @mail.ru*
*Койлубаева А.К., фил. илимд. канд., доцент,*
*Асанбаева Н.Т.*
*К.Тыныстанов ат. ЫМУ*

## АНГЛИС ТИЛИ САБАГЫН УЮШТУРУУДА ОКУТУУНУН КОММУНИКАТИВДИК ЫКМАСЫН КОЛДОНУУ

*Макалада мектепте англис тилинен сабак берген жаш окутуучуларга жана жогорку окуу жайларында англис тили адистиги боюнча билим алып жаткан бүтүрүүчүлөргө англис тилин окутууда сабакты уюштуруу процессинин эң маанилүү экендиги баса көрсөтүлөт жана окутуунун коммуникативдүү ыкмасын колдонуу менен англис тили сабагын уюштуруу жана башкаруу боюнча жаш мугалимдерге кеп-кеңештер берилет. Макаладагы маалыматтын жардамы менен авторлор англис тилин окутуунун жеңил жолдорун мугалимдерге көрсөтүп берүүгө аракет жасашат. Авторлор англис тили сабагын уюштуруп кызыктуу өткөрүү жана окуучулар үчүн жагымдуу атмосфера түзүп берүү мугалимдин изденүүчүлүгүнүн жана чыгармачылыгынын натыйжасы экендиги жана окуучулардын ойлонуу, угуу, окуу, сүйлөө шыктарын өнүктүрүү жана окууга шыктандыруу, стимулдаштыруу менен гана сабактын максатына жетүү мүмкүндүгүн баса белгилешет. Окутуу процессин башкаруудагы көйгөйлөр жана аларды болтурбай коюу чаралары, мыкты уюштурулган жана жетектелген сабак окуучулардын англис тилин үйрөнүүсүнө өбөлгө түзөөрү айтылат. Макалада авторлор өз сабактарында колдонгон окутуунун ыкмаларын сунушташып, тажрыйбасы менен бөлүшүшөт. Авторлор англис тилин окутуунун коммуникативдик ыкмасы колдонулуп өтүлгөн окууга үйрөтүү сабагынын үлгүсүн сунушташат. Сабакта окутуунун коммуникативдик ыкмасынын бир түрү болгон PDP (P-Pre reading, D-During reading, P-Post reading) структурасы колдонулган. Акырында авторлор сабактын жүрүшүндөгү иш-аракеттерди анализдеп, жыйынтык чыгарышат. Сабактын жүрүшүндө окуучулардын алектенген иштери жана мугалимдин ролу ачык көрсөтүлөт.*

***Өзөктүү сөздөр:*** *коммуникативдүү ыкма, кызматташуу, атмосфера, башкаруу, көндүм, ротация, шыктандыруу, көйгөй.*

*Мусаева У.Д., Email: musaeva-umut @mail.ru*
*Койлубаева А.К., канд.фил. наук, доцент*
*Асанбаева Н.Т.*
*ИГУ им. К.Тыныстанова*

## ОРГАНИЗАЦИЯ УРОКА АНГЛИЙСКОГО ЯЗЫКА С ИСПОЛЬЗОВАНИЕМ КОММУНИКАТИВНОГО МЕТОДА ОБУЧЕНИЯ

*В статье авторыобращают внимание начинающих учителей школ и выпускников высших учебных заведений, которые обучаются по специальности «Английский язык» на важность процесса организации урока английского языка. Авторы статьи считают, что работа над тщательной организацией и проведением урока, создание благоприятной атмосферы на уроке является результатом кропотливого, творческого труда учителя. Учитель может достичь желаемого результата при развитии у учеников навыков мышления, аудирования, говорения, чтения и письма, а также заинтересовать и стимулировать их к изучению английского языка. Статья рекомендует учителям английского языка средних школ способы применения коммуникативных методов обучения при организации и управлении уроков. Работа по решению и устранению проблем в процессе организации и управления уроков и хорошо запланированный учителем урок - залог успешного изучения учениками английского языка. Авторы статьи делятся своим опытом в преподавании английского языка с использованием коммуникативных методов*

*обучения. В статье представлен примерный план урока английского языка. На уроке используется PDP структура (P-Pre reading, D-During reading, P-Post reading). Авторами статьи дается анализ урока и в результате определяются роли учеников и учителя.*

***Ключевые слова**: коммуникативный метод, сотрудничество, атмосфера, управление, навык, ротация, мотивация, проблема.*

*Musaeva U.,*
*Koilubaeva A., Candidate of Philological sciences, Associate Professor,*
*Asanbaeva N.,*
*K.Tynystanov Issyk-Kul State University*

## THE USE OF COMMUNICATIVE TEACHING TECHNIQUE IN CLASSROOM MANAGEMENT

*In the article, the authors draw the attention of beginning school teachers and graduates of higher educational institutions who are studying in the specialty of the English language to the importance of the process of managing a lesson in English. The authors of the article believe that the teachers' good prepared lessons give them the opportunity to avoid problems concerning children's behavior and helps the children learn English effectively. The careful work on the organization and conducting of the lesson, the creation of a favorable atmosphere in the lesson is the result of the teacher's creative work. This will help the teacher achieve the desired result in the development of pupils' thinking, listening, speaking, reading and writing skills, as well as motivating and stimulating them to learn English. The article recommends secondary school teachers of English communicative teaching methods in organizing and managing lessons. The authors of the article share their experiences in teaching English using communicative teaching methods. The article presents a rough lesson plan of the English language. The lesson contains the PDP structure (P-Pre reading, D-During reading, P-Post reading). The authors of the article give an analysis of the lesson and, as a result, determine the roles of the students and the teacher in the lesson.*

***Key words:** communicative teaching technique, cooperate, atmosphere, management, skill, rotation, motivation, teaching problems.*

Мугалим окутуу процессин мыкты жетектесе, сабакты жакшы уюштура алса, ал үчүн окуучуларын англис тилине үйрөтүү жеңил болору шексиз. Бул үчүн мугалим өзүнүн окуучулары эмнени үйрөнүү керектигин жана аларга кандай жардам берүүнү; окуучулардын сабак учурундагы бири-бири менен болгон карым-катнашты өркүндөтүү үчүн кандай ыкмаларды колдонуу керектигин; окутууда өзүнүн алдына койгон максаттарына канткенде жетүү керек экендигин көрө билүүсү абдан маанилүү.

Бул макаладагы маалыматтын жардамы менен биз англис тилин окутуунун жеңил жолдорун мугалимдерге көрсөтүүгө аракет кылабыз, анткени сабакты кызыктуу өткөрүү жана окуучулар үчүн жагымдуу атмосфера түзүп берүү мугалимдин колунда. Мугалим өзү окуучуларды ойлонууга жана сүйлөөгө шыктандырып, стимул берип турушу керек. Окуучулардын сүйлөөгө жана жашоого керектүү көндүмдөрүн өркүндөтүү − мугалимдин иши, ошол эле учурда мугалим окутуунун натыйжасын көрүп, окуучуларынын ийгиликтери менен сыймыктана алат.

Сабак өтүү бул − мугалимдин сабак учурунда өткөргөн иш–аракеттери жана окутуунун натыйжалуу жана пайдалуу жолдорун ишке ашыруу үчүн тандап алган ыкмалары. Эгерде сабак кызыктуу болуп, окуучуларды өзүнө тартса, мугалимдер окуучулардын жүрүш-турушу боюнча эч кандай көйгөйлөргө туш келишпейт. Мугалимдер дайыма сабакта иштермандык кырдаалды түзүүгө аракет кылышы керек. Мындай сабакта окуучулар:

- билим алууну үйрөнүшөт;
- өз ара бири-бири жана мугалим менен кызматташ болушат;

- сабакка активдүү катышышат жана билим алууга шыктанышат;
- сабакта эмне менен жана кандай максатта алектенип жатышканын билишет;
- сабакта бири-бирин сыйлоого тарбияланышат. Сабакта тартип сактоо маселелерине карата сунуштар. Сабакта окуучулар тарабынан тартип бузуулар болбосун десеңер. Сабакты кылдаттык менен пландап, уюштуруу зарыл. Сабактын максаты окуучуларга түшүнүктүү болушу керек.
- Ар бир сабакта окуучуларга алар эмнени жана кандай максатта үйрөнгөнү жатканын ачык айтып түшүндүрүү абзел;
- Мугалим сабагын кызыктуу, иреттүү, окуучулар активдүү катышкандай өтүүсү шарт. Мугалим сабакта багыт берүүчү фасилитатор гана болуп турганы жакшы;
- Сабактын башталышында өтүлүүчү тема боюнча окуучулардын мурдагы билимин билүү маанилүү. Окуучуларды алар билген нерселерге окутуп, жадаткандан алыс болуу керек;
- Окуучуларды окутуудан мурда жана андан кийин текшерүүнү унутпоо зарыл. Окутуунун натыйжасын жазуу дептерге белгилеп, начар окуган окуучуларга жардам берип, жакшы окугандарын шыктандыруу пайдалуу;
- Мугалим сабакта бир орунда отурбай, ар бир окуучунун жанына барып, кандай иштеп жатканын байкап туруусу керек;
- Мугалим сабакта так сүйлөп, тааныш эмес сөздөрдү кайталап, окуучуларды кайталатып, аларды тактага жазып туруусу зарыл;
- Окуучулардын окуусуна керектүү төмөнкүдөй эрежелерди көрүнүктүү жерге илип коюу пайдалуу:
  - мугалимди жана башка окуучулардын жоопторун кунт коюп угуу;
  - сабакка бир нерсеге үйрөнүүгө даяр болуп келүү;
  - башка окуучуларды окуудан алагды кылбоо;
  - класстык эрежелерди сактоо;
  - сабакка активдүү катышуу;
  - үй тапшырманы ар дайым аткаруу;
  - сабактан кечикпөө.
- Кыска жана түшүнүктүү көрсөтмөлөрдү берүү керек;
- Тапшырмаларды аткарууда көрсөтмөлөрдү кадам сайын берип, материалды бышыктоодо окуучуларды ар кандай иш-аракеттердин үстүндө көп иштетиш керек;
- Окуучулардын көрсөтмөлөрдү түшүнгөндүгүн текшерүү зарыл;
- Окуучуларды алардын билим деңгээлине жараша сабактагы иш-аракеттерге тартуу керек;
- Мугалимдер окутуунун ар түрдүү ыкмаларын колдонуулары шарт. Окуучулар ар бир сабакта укканга, окуганга, сүйлөгөнгө, жазганга үйрөнүшү керек;
- Тапшырмаларды ролдоштуруу ар бир окуучунун өзү жөнүндө жана өзүнүн ой пикири жөнүндө сүйлөп берүүгө мүмкүндүк берет;
- Окуучуларды сабакка активдүү катыштырыш үчүн жупта жана кичи топтордо иштөөнү уюштуруу жакшы натыйжаларды берет;
- Сабакта достук атмосфераны түзүүнү унутпоо керек.

Төмөндө окутуунун коммуникативдик ыкмасын колдонуп өткөн таанышуу сабагына мугалимдердин көңүлүн бурабыз.

**Lesson Plan**

**Class/Year:**intermediate, upperintermediate
**Title/Theme:**Getting to know each other

**Materials Needed:**none

**Skills: (S-L-R-W-CR)** Speaking, writing, reading skills

**Time required:**

**Objective(s): At the end of the lesson the students will be able to:**

- talk with their classmates about their hobbies, family members etc.
- ask (why -questions) to get more information about their wishes;

**Procedures:**

**Pre-speaking:**

1. **Warm-up**

Step-1. Мугалим окуучулардын бардыгын класстын ортосуна чыгарып, алар менен таанышуу боюнча “Getting to know each other” аттуу бир иш-аракет өткөрөрүн айтат.

Мугалим өзү таанышууга керектүү фразаларды колдонуп, бир окуучу менен башка окуучуларга үлгү (model) болот. Мисалы:

A. -Hello! I am Aigul. I am from Karakol. Andwhere are you from?

B. -I am Asan. I am from Ak-Suu.

A. -Nice to meet you.

B. -Nice to meet you too. (shake hands)

Мугалим окуучулардын бардыгын бири-бири менен дал ушундай формада таанышып чыгуусун суранат.

**During speaking:**

**Step-2.** Мугалим окуучулардан ар бири өзүлөрү жооп бере тургандай 2ден суроо жазуусун өтүнөт.

**Step-3.** Окуучуларды ар бир топто саны 3-4 төн окуучу болгондой 3 же 4 топко бөлөт. Топко бөлүүнүн түрлөрү: а) 1-4 чейинки сандарга саноо (1,2,3,4); б) 4 өңдүн түрлөрүн табуу (red, white, green, yellow); бири - бирине байланышкан 4 сөз табуу (king, queen, prince, princess) ж.б. Андан кийин мугалим окуучулардан 1лер 1-топ; 2лер 2-топ; 3төр 3-топ; 4төр 4-топту түзүүсүн суранат.

**Step-4**. Мугалим ар бир топтун мүчөлөрүнөн өзүлөрү жазган суроолорго кезек-кезеги менен жооп берүүсүн, ал эми топтун башка мүчөлөрү аларды кунт коюп угуусун көзөмөлдөйт. Мисалы: Asan: I like to learn English. My hobby is reading a book; Aigul: I have 2 brothers. My mother is a teacher.; Nurbek: I go in for football. We play football at school. ж.б.

**Step-5.** Мугалим ар бир топтон биринчи номердеги окуучулардын кийинки топко орун которуп барып, мурунку топтон уккандарын айтып берүүсүн суранат. Мисалы: Asanlikes to learn English. His hobby is reading a book; Aigul has 2 brothers. Her mother is a teacher.; Nurbek goes in for football. They play football at school. ж.б.

**Step-6.** Мугалим ар бир топтон экинчи номердеги окуучулардын кийинки топко орун которуп барып, мурунку топтон уккандарын айтып берүүсүн суранат. Ушундай жол менен топтун бардык мүчөлөрү орун которуп (ротация жолу менен) айтып чыгышат.

Мугалим бул учурда билинбей ар бир топтун жанына барып, окуучулардын эмне деп айтып жаткандарын дептерине жазып алып турат.

**Step-7**. Окуучулардын бардыгы уккандарын башка топторго айтып бүткөндөн кийин мугалим жыйынтыктоо жана окуучулардын эске тутуу жөндөмдүүлүгүн байкоо максатында өзүнүн жазып алган маалыматтары жөнүндө суроолорду берет. Мисалы: I hope you have listened to the participants’ information attentively. Now I am going to read the information I’ve heard. I would like you to guess who that person is.

Who likes to learn English? Whose hobby is reading a book?Окуучулар: That is Asan.

Who has 2 brothers? Окуучулар: That is Aigul. ж.б.

Who goes in for football? That is Nurbek. ж.б.

**Post speaking:**

Мугалим окуучулардан жуп болуп сабакта алган жаңы маалымат жөнүндө бири биринен сурап жооп алууларын суранат.

**Homework for next class.**

Окуучулар өзүлөрүнүн ата-энеси, бир туугандарынын кызыгып жасаган нерселери жөнүндө билип келүү.

Бул иш-аракеттин жүрүшүн анализдеп көрсөк, төмөндөгүдөй жыйынтыкка келебиз:

- окуучулар кунт коюп угуп, аткара ала тургандай тапшырма алышты;
- окуучулар сүйлөө, ойлонуу, жазуу, окуу жана угуу көндүмдөрүн өстүрө турган иш-аракеттерге тартылды;
- окуучулардын бардыгы сабакка катышты;
- мугалимдин ролу: көрсөтмөлөрдү берип турду, көп сүйлөгөн жок, багыт берип гана турду (facilitator), окуучулар өзүлөрү иштеп жатышты (student centred);
- окуучулар сабак жөнүндө эмес, сабактан тышкаркы нерселер жөнүндө сүйлөштү;
- окуучулар бири-бири жөнүндө тааныш эмес маалымат алышты (information gap);
- сабакта достук атмосфера өкүм сүрдү;
- окуучулар өз ойлорун бири-бирине эркин жана ачык айтышты;
- сабакта топко бөлүүнүн ар кандай түрлөрү колдонулду: топторго бөлүү, топторду кайра бөлүү, орун алмашуу жолу (rotating).

Окутуунун коммуникативдик ыкмасы (CLT- communicative language teaching) жана окуунун коммуникативдик ыкмасы (CLL- communicative language learning ) колдонулуп өтүлгөн сабактын башка сабактардан өзгөчөлүгү:

- сабактагы достук атмосфера;
- ой - пикирди айтуунун эркиндиги;
- окуучулардын билим деңгээлине туура келген окуу материалы;
- фасилитатор – тапшырма берип, багыт берүүчү;
- learner centred (student centred)- окуучулардын кызыкчылыгы эң биринчи орунда;
- даярданууга убакыт берилет;
- мугалим окуучуларга үстөмдүк кылбашы керек;
- жеке, жуп менен, топто иштөө.

**Адабияттар:**

1. Джуманалиева Н. Англис тилин окутуунун коммуникативдик методу. -Бишкек, 2008.

2. Сорос-Кыргызстан Фонду жана Лингва мектеби тарабынан уюштурулган «English for Specific Purposes» аттуу тренингдин материалдары. -Ысык-Көл, 2010.

3. Сорос-Кыргызстан Фонду жана Лингва мектебинин «English for Specific Purposes» программасы тарабынан уюштурулган англис тилин окутуунун коммуникативдик ыкмасы боюнча Ысык-Көл облусунун жогорку окуу жайларынын окутуучулары жана мектептердин мугалимдерин окутуудагы тажрыйба. -Каракол, 2013-2014.